# Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу

*(2015-жылдын сентябрь айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион өткөрүлгөн. Аукциондор боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын жарыяланган эмиссиянын көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 13,3 пайызга төмөндөө менен 880,0 млн сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан 2 жылдык баалуу кагаздар 370,5 млн сом суммасына жана 3 жылдык баалуу кагаздар 82,0 млн сом суммасына сатылып алынган. Суроо-талаптын жалпы көлөмү 74,1 пайызга төмөндөө менен 452,5 млн сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигациялары боюнча орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 1,9 п.п. төмөндөп, 15,9 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Жыл башынан тартып жүгүртүүдө мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 9,1 млрд сомго чейин (+26,9 пайызга) көбөйгөн. Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 4,5 пайыздык пунктка (56,6 пайыз) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 4,6 п.п. төмөндөп, 43,2 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган.

Айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,35 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда мамлекеттик казына облигациялары менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.10.2014 | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0 | 3 883 147,5 | 53,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.11.2014 | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6 | 3 853 999,6 | 53,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.12.2014 | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0 | 3 821 476,6 | 52,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.01.2015 | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8 | 3 729 376,6 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.02.2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0 | 3 902 472,0 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 60 000 | 0,8 | 50 | 0,0 |
| 01.03.2015 | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7 | 4 108 772,0 | 53,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| 01.04.2015 | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7 | 4 390 221,7 | 54,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.05.2015 | 8 009 150,0 | 3 612 178,3 | 45,1 | 4 390 221,7 | 54,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.06.2015 | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.07.2015 | 7 672 150,0 | 3 435 898,4 | 44,8 | 4 229 501,6 | 55,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.08.2015 | 8 126 150,0 | 3 685 898,4 | 45,4 | 4 433 501,6 | 54,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.09.2015 | 8 663 450,0 | 3 928 015 | 45,3 | 4 723 685 | 54,5 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| 01.10.2015 | 9 083 650,0 | 3 926 018 | 43,2 | 5 145 882 | 56,6 | 11 700 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |